КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

**№1[illegible]3154738**
**Жер участогун ижаралоо**
**КЕЛИШИМИ**

**Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ч.Айтматов пр., 1**
**Эки миң жыйырма үчүнчү жылдын жыйырма алтынчы июну**

Биз, **«Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти»** мекемеси, 04.02.2022-жылдагы №163552-3301-У-е юридикалык жактын мамлекеттик кайра катталышы жөнүндөгү күбөлүк, катталган дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., С.Чокморов к., 246, Бишкек шаарынын Ленин нотариалдык аймагынын жеке нотариусу А.Д.Есинаманова тарабынан күбөлөндүрүлгөн 2023-жылдын 28-февралындагы № 752-4005 ишеним каттын негизинде өкүлү катары, Кыргыз Республикасынын жараны Тагаев Тариэл Аскарбекович 19.06.1998-жылы туулган, жеке номуру [redacted], идентификациялык карта [redacted] 27.11.2020-жылы МКК [redacted] тарабынан берилген, катталган дареги: Бишкек ш., «Арча-Бешик» кон., Жайыл Баатыр к., № 12, мындан ары **«Ижара берүүчү»** катарында, бир тараптан

жана Кыргыз Республикасынын Бишкек ш. Тыныстанова көч. № 96-2 дарегинде жайгашкан, **«СБТ групп» («SBT group») Жоопкерчилиги чектелген коому** катто датасы 2012 жылдын 05-июлу, сериясы ГПЮ №0006666, ОКПО коду №26434486, каттоо номери 105504-3301-ООО, ИСН:02904200910184, Директору Узбеков Досмир Сатарович, [redacted] жылы туулган, өздүк номуру [redacted], [redacted] жылы, МКК [redacted] тарабынан берилген [redacted] идентификациялык картасынын ээси, Бишкек ш., Арча-Бешик конушу, Узун Булак к., 4 үйдө, катталган, 04 июлдагы 2012 жылынын №8 уюштуруучунун чечиминин негизинде, мындан ары **«Ижарачы»** деп төмөнкүлөр жөнүндө өз ара ушул келишимди жасадык:

## 1. Келишим предмети

1.1.Ижара берүүчү комиссиянын отурумунун 2023-жылдын 9-июнунда №10-05/2023 номерлүү протоколдун көчүрмө бөлүгүнүн негизинде А. Токомбаев көч. 15/8 дарегинде турак жайлары бар социалдык объектти куруу үчүн жер участогунун жалпы аянты – 1,7002 га, ижара шартында 5 (беш) жылдык мөөнөткө, убактылуу пайдалануу укугу узартылсын. **Идентификациялык коду** [redacted]

## 2. Ижара акысы

2.1.Ижара төлөмү жер участогун ижара келишиминин жасалыш күнүнөн баштап эсептелет жана жылына 2 000 000.00 (эки миллион) сом 00 тыйын түзөт.

2.2.Жылдык ижара акысы тең үлүштөр түрүндө, отчеттук кварталды ээрчиген айдын 1-күнүнө чейин квартал сайын Ижара берүүчү тарабынан көрсөтүлгөн эсептешүү эсебине чегерилүү жолу менен төлөнөт.

2.3.Ижара төлөмүнүн өлчөмүнүн эсеби Бишкек шаар кеңешинин эсептешүү ирмемине карата иштеп жаткан тиешелүү токтомуна ылайык аныкталат.

2.4.Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, ижара акысынан тышкары Ижарачы тарабынан жер салыгы төлөнөт.

2.5. Ушул келишим менен аныкталган мөөнөттө жер салыгы төлөнбөгөн учурда Ижарачы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жоопко тартылат.

## 3. Ижарачынын укук жана милдеттери

3.1. Ижарачынын укуктары:

3.1.1. Ушул келишим менен аныкталган максат жана шарттарга гана шайкеш түрдө ижаралапган жер участогунда өз алдынча чарба жүргүзүү;

## 7. Башка шарттар

7.1. Ижарачы тарабынан жасалган жер участогунун бөлүнбөс жакшыртууларынын орду толтурулууга жатпайт.
7.2. Ижара берүүчүнүн макулдугу менен Ижарачы Ижара берүүчүгө эң аз үч ай мурун жазылуу билдирүү жөнөтүп, ушул келишимди өз каалоосуна ылайык жана өзү тарабынан ушул келишимдин шарттарын бузулушу жокто каалаган убакта үзө алат.
7.3.Кыргыз Республикасынын жер мамилелерин жөнгө салган мыйзамдары өзгөртүлгөндө ушул келишимге өзгөртүү, толуктоолор Ижара берүүчү тарабынан бир жактуу киргизилиши мүмкүн.
7.4.Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ болгон төрт нускада түзүлөт. Бир нускасы Ижара берүүчүдө калат, эки нускасы Ижарачыларда жана бир нускасы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бишкек филиалында калат.

## 8. Өзгөчө шарттар

8.1.Ижара акысын өз убагында төлөбөгөн учурда Ижарачы карыздын толук жабылышына чейин электр жана суу менен камсыздоодон өчүрүлө турганын Ижарачы эске алуусу керек.
8.2.Ижарачы жер участогун колдонгон мезгили үчүн ижара акысын 2018-жылдын 27-мартындагы №2018/57259 ижара келишиминин негизинде, пайдалануу мөөнөтүнүн бүтүш ирмеминен Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти» мекемеси тарабынан тартууланган эсептерге ылайык ушул келишимге колтамга коюлушуна чейин төлөөгө милдеттүү

## 9. Тараптардын юридикалык даректери менен банк реквизиттери

| ИЖАРА БЕРҮҮЧҮ | ИЖАРАЧЫ |
|---|---|
| Бишкек ш. мэриясынын муниципалдык менчикти башкаруу департаменти | __________ |
| Бишкек ш., Чокморов к., 246 | Узбеков Д.Г. |
| э/эсеби – 440 206100 1000 864 | __________ |
| БИК 440 001 | |
| Төлөм коду – 14152100 | |
| ИНН 00501201710120 | |
| ишеним кат менен ______________ | |

**Келишимге «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бишкек филиалынын каттоочусунун катышуусунда тараптар тарабынан колтамга коюлду, тараптардын өздүгү аныкталды, жөндөмдүүлүгү текшерилди.**

**Каттоочу Карымшакова Н.Э.** ______________

БФГУ Кадастр
Произведена государственная регистрация права в журнале регистрации за № 1023153063
Адрес Токомбаева 15/А
«21» 07 2023 г.
Регистратор Орамиев подпись